## Асан Жансейитов атындагы орто мектебинде

## 2021-2022- окуу жылында ата-энелер менен биргеликте аткарылган иштердин отчет анализи

Сентярь айында жалпы мектептин ата-энелеринин чогулушу мектеп жетекчилиги жана класс жетекчилери тарабынан өткөрүлүп, ата-энелер комитетин түзүү, төрайымын шайлоо, аталар жана энелер кеңешин түзүү, иштери каралып түзүлдү. Алар ата-энелер комитетинин төрайымы Исакова Чынара жана Оморова Гүлсана, Нуркулова Наргиза. Ата-энелер менен иштөө боюнча жана окуу жылына карата бир жылдык иш план талкууланып бекитилди. Мектеп,ата-эне,окуучу тарабынан үч тараптуу келишим түзүлдү. Келишимдин бир даанасы ата-энеде, бирөөсү мектеп жетекчилигинде калды. Ата-энелер менен мектеп ортосундагы келишимдин жол жобосу төмөнкүдөй.

1. Ата-эне баланы окутууга милдетүү.
2. Баланы сабактан себепсиз калтырганга тыюу салынат.
3. Ата-эне баланын үй тапшырмасын аткарылышына көзөмөл кылууга милдетүү.
4. Окуучуну мектепке таза, тыкан форма менен өз убагында жиберүүгө милдетүү.
5. Окуучуга саат 14. 00 дон баштап ата-эне жооп берет.
6. Мектепте өткөрүлүүчү коомдук иштерге ата-эне чогуу катышуусу керек.
7. Жайкы, жазгы, кышкы, күзгү каникулдарда балага ата-эне толугу менен жооптуу.
8. Окуучуларга ата-эне үйүндө түнкүсүн отуруш өткөрүүгө тыюу салынат.
9. Отуруш уюштуруп берген ата-энеге 5000 сом штраф салынат.

Ата-энелер комитетинин мүчөлөрүнө милдеттери бөлүштүрүлдү. Алар: ата-энелер коомчулук менен тыгыз байланышта болуп турууга зарыл болгон учурда окуучуларга өз убагында окуудан жардам берүүнү уюштуруу. Окуучуларга карата болгон мектептин жана үй бүлөнүн педагогикалык талаптарын бирдиктүүлүгүнө жеткирүү. Окуучуларды мектептеги жана мектептен тышкаркы мекемелердеги ар түрдүү кружокторго жана секцияларга тартууну уюштуруп берүү. 1-9-класстын класс жетекчилери тарабынан ата-энелердин үй даректери, иштеген жери, байланыш телефондору жөнүндө маалыматтар такталып, толукталды жана такталган материалдар класс жетекчилердин папкасына салынды. Октябрь айында «Ата-эне мектеп байланышын күчөтүүнүн жолдору» темасында мектеп жетекчилери тарабынан мугалимдерден жана ата-энелерден анкеталар алынды. Ата-энелер комитети мектеп менен бирдикте ата-энелердин жалпы чогулушун өткөрүп «Камкордук кеңешин» түзүү маселесин талкуулады. Талкуунуну жыйынтыгында бул маселе боюнча көпчүлүк ата-эненин каршы экендиги билинип, кийинки жылга калтырылды. Жыл ичинде предметтик мугалимдердин ачык сабактарына жана класс жетекчилердин тарбиялык сааттарына ачык эшиктер жарыяланып, өзүлөрүнүн балдары сабактарды кандай өздөштүрүп жана мектепте өзүн кандай тартипте алып жүргөндүгүн билишет.Ата-энелердин сабакка жана класстан тышкаркы иштерге катышуусу активдештирилди. Мектептин тарбия иштери боюнча директордун орун басары Джамангулова Калира жана соц педагогу Джамангулова Калира тарабынан ички көзөмөлгө алынган окуучулардын ата-энелери менен байланыш түзүлүп, жыл ичинде

окуучуларга чогуу көзөмөл жүргүзүлдү жана ички көзөмөлгө кирген кээ бир окуучуларды ички көзөмөлдөн чыгаруу сунушун киргиздик.

Ноябрь, февраль айларында мектеп ичинде салтка айланып калгандай эле 1-4-класстар арасында ата-энелер менен бирдикте ата-энелердин мектеп менен тыгыз байланышта болуу максатында «Атам, апам жана мен» - аттуу спорттук оюн мелдештер өткөрүлдү. Буга жооптуу дене тарбия мугалими Мусаходжаев Эрик болду. Бул иш-чарага ата-энелер абдан активдүү катышып, окуучулар менен абдан кызыктуу мелдештер өткөрүлдү

Мектепке чейинки даярдоо 480 саат классынын класс жетекчиси Джамангулова Калира тарабынан «Мектепке чейинки билим берүүдөгү Инновациялык программалар. “Наристе” 480 сааттык программасы тууралуу жалпы маалымат» деген темада ата-энелер менен иш-чара өттү.

1-класстын класс жетекчиси Жолдошбекова Гүлнур тарабынан «Үй бүлө , мектеп жана коомчулук» деген темада ата-энелер менен иш-чара өттү.

2-класстын класс жетекчиси Карасартова Гүлнара тарабынан «Баланын майда моторикасын өнүктүрүү кагаз, пластилин, фольга менен иштөө ыкмалары жана бала менен бирге иштөө» деген темада ата-энелер менен иш-чара өттү.

3-класстын класс жетекчиси Мурсаева Гүлназ тарабынан «Сергек жашоо мүнөзү. Өздүк гигиена» деген темада ата-энелер менен иш-чара өттү.

4-класстын класс жетекчиси Джамангулова Калира тарабынан «Оюн ишмердүүлүгү. Оюн аркылуу баланы өнүктүрүү» деген темада ата-энелерге семинар өттү.

5-класстын класс жетекчиси Абдыбекова Калиман тарабынан «Манас элдик улуу мурас. “Манас” дүйнөсүндө тарбиялоо» деген темада ата-энелер менен тегерек стол өттү.

6-класстын класс жетекчиси Мусуралиева Айжамал тарабынан «Баланы тарбиялоодогу менин жаңыча көз караштарым. Ой пикирлер” деген темада ата-энелер менен диспут өттү.

7-класстын класс жетекчиси Мусаходжоев Эрик тарабынан «Балдардын ой жүгүртүүсүн, логикасын өнүктүрүү”- деген темада ата-энелердин катышуусу менен тарбиялык саат өттү.

8-класстын класс жетекчиси Көчөрбаева Гүланда тарабынан «Насвайдын зыяндуулугу »- деген темада ата-энелердин катышуусу менен тарбиялык саат өттү.

9-класстын класс жетекчиси Кадырова Элизат тарабынан «Китеп дүйнөсү интернет сайтта жайгашкан китептер тууралуу маалымат» деген темада ата-энелердин катышуусунда тарбиялык саат өттү.

Мындан сырткары 23-февраль Ата-Мекенди коргоочулар күнүнө арналган «Ата-бул алтын түркүк » аттуу кечеге 1-4-класстардын окуучулары аталарга арнап көркөм окуу сынагын уюштурду. Ар бир класстан бирден ата, бирден окуучу тандалып жарышка чыгышты. Аталарга балдар аябай көнүлдүү маанай тартуулашты. Жыйынтыгында Жумабекова Нуркыз көркөм окуу боюнча 1-орунга ээ болду. Таймаш бүткөн соң мектеп окуучулары тарабынан чакан концерт көрсөтүлдү. Аягында аталар ыраазычылыгын билдирип, талантуу окуучулар тарбияланып жаткандыгы үчүн коллективине рахматын айтышты.

Андан сырткары «Кана эмесе уландар» деген темада 7-9-класстардын мырзаларынын арасында чакан спорттук таймаш өткөрүлдү. Жыйынтыгында 9-класстын окуучулары 1-орунду женишти. Ал эми 2-орунду 8-класстын окуучулары багындырды. 3-орунду 7-класстын окуучулары женип алышты.

Март айында, Ак калпак күнүнө карата чакан флешмоб өткөрүлүп, ар бир класстан үчтөн ата ак калпак кийип келишти. Ак калпактын түрлөрү жана жаш өзгөчөлүгүнө карата кандай айырмаланаарын мектептин мугалимдери маалымат беришти.

Энелер күнүнө карата «Эне –үйдүн куту»-деген темада чакан концерт өткөрүлдү. Ар бир класстан бирден апа чакырылып чакан концерт көрсөтүлүп, окуучулар тарабынан дайындалган открыткалар жана бирден гүл тапшырылды. Жыйынтыгында ата-энелер ыраазычылыктарын билдиришти.

Апрель май айларында өлкөдөгү кырдаалга карата сабактар дистанттык түрдө өткөндүгүнө байланыштуу окуучулардын коопсуздугу ата-энелерге милдеттендирилди. Мектеп менен тыгыз байланышта болуу үчүн ата-энелер уюлдук телефон аркылуу окуучулар тууралуу маалымат берип турушту. Ар бир класстын класс жетекчилери ар бир баланын үйүнө барып ата-энелеринен балдардын коопсуздугу тууралуу тил каттарды алышты.

Учурдагы абалга туура мамиле кылып, дистанттык окууда активдүү катышкан ата-энелерге мектеп администрациясы тарабынан жана жалпы мектеп коллективинен ыраазычылык каттар жөнөтүлдү.